***DOI:10.26104/NNTIK.2022.54.31.043***

***Кылычова Н.Э.***

# СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУ ИЛИМИЙ ТААНЫП- БИЛҮҮ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН АКТИВДЕШТИРҮҮНҮН НЕГИЗГИ ФАКТОРУ КАТАРЫНДА

***Кылычова Н.Э.***

# ОРГАНИЗАЦИЯ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ КАК ОСНОВНОЙ ФАКТОР АКТИВИЗАЦИИ НАУЧНО-ПОЗНАВАТЕЛЬНЫХ СПОСОБНОСТЕЙ

***N. Kylychova***

# ORGANIZATION OF STUDENTS' INDEPENDENT WORK IS THE MAIN FACTOR OF ACTIVATION OF SCIENTIFIC COGNITIVE ABILITIES

*УДК: 371.030:371.381*

*Макаладагы изилдөөнүн объектиси болуп, орто кесиптик окуу жайларындагы окуу процессин уюштурууда студенттердин өз алдынча иштери эсептелет. Окуу процессинин жүрүшүндө студенттердин өз алдынча ишин туура уюштуруу максатында, анын окуу процессиндеги орду, маселелери жана аны чечүү жолдору жөнүндө сөз болот. Окутуунун өз алдынча формасын, башка усулдар менен салыштыруу – изилдөөнүн усулу катарында тандалып алынган. Бул салыштыруунун натыйжасында өз алдынча иштер - студенттердин илимий таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандырууга, алардын кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн негизги фактор экендиги аныкталган. Ошол себептен студенттердин өз алдынча ишин, чыгармачылык жигердүүлүгүн өнүктүрүүнүн жана өркүндөтүүнүн натыйжалуу каражаттарынын бири катары айырмалоого болот. Алынган жыйынтыктар, студенттердин өз алдынча иштерин окутуунун сапатын жогорулатуунун негизги - резерви катары эсептөөгө жана окуу процессинде туура пайдалануу максаттуу билимге жеткирээрин айгенелейт.*

***Негизги сөздөр:** өз алдынча, орто кесиптик, окутуучу, студенттер, окутуу процесси, кесиптик, көндүмдөр, илимий таанып-билүү, компетенттүүлүк.*

*Обьектом исследования в статье является самостоятельная работа студентов по организации учебного процесса в средних учебных заведениях. Для того, чтобы правильно организовать самостоятельную работу студентов в учебном процессе, мы расскажем о ее роли в учебном процессе, проблемах и решениях. В качестве метода исследования выбрано сравнивание самостоятельную форму обучение с другими методами. В результате этого сравнения было установлено, что самостоятельная работа является ключевым фактором формирования познавательной активности студентов и развития их профессиональных компетенций. Поэтому самостоятельную работу студентов можно выделить как одно из самых эффективных средств развития и совершенствования творческой деятельности. Результаты показывают, что самостоятельную работу студентов можно рассматривать как резерв повышения качества обучения, а ее правильное использование в учебном процессе приводит к целевому обучению.*

***Ключевые слова:** самостоятельная, средне-профессиональная, преподавательская, студенческая, учебная, профессиональная, умения, научные познания, компетентность.*

*The object of the research in the article is the independent work of students on the organization of the educational process in secondary educational institutions. In order to properly organize the independent work of students in the educational process, we will talk about its role in the educational process, problems and solutions. Comparison of an independent form of teaching with other methods was chosen as a research method. As a result of this comparison, it was found that independent work is a key factor in the formation of students' cognitive activity and the development of their professional competencies. Therefore, students' independent work can be identified as one of the most effective means of developing and improving creative activity. The results show that students' independent work can be considered as a reserve for improving the quality of education, and its correct use in the educational process leads to targeted learning.*

***Key words:** independent, medium-professional, teaching, student, academic, professional, skills, scientific knowledge, competence.*

Азыркы шарттарда билим берүү системасында жана келечектеги адистерди даярдоо процессинде болуп жаткан өзгөрүүлөр, студенттер үчүн өз алдынча билим берүү концепциясын иштеп чыгууну талап кылууда. Эгерде мурунку түшүнүктөр билимдин, көндүмдөрдүн, социалдык билим берүүнүн белгилери үчүн иштелип чыккан болсо, билим берүү жаатындагы жаңы көз-караштын белгилери болуп – компетенттүүлүк, жеке чыгармачылык, билимди өз алдынча издөө жана аны өркүндөтүүнүн зарылдыгы эсептелет. Кесиптик билим берүү - адамдын кесиптик калыптанышына таасирин тийгизүүчү негизги факторлордун бири. Анын негизги милдети - өзүн-өзү өнүктүрүүгө, өз алдынча билим алууга, инновациялык ишмердүүлүккө жөндөмдүү адистин чыгармачыл инсандыгын калыптандыруу. Бул маселени мугалимден студентке билимди даяр формада өткөрүп берүү менен гана чечүү мүмкүн эмес. Ал студенттин өз алдынча билим алууга ынтызарлыгынан, инсандык жеке сапаттарынан жана окуу процессинде өз алдынча иштердин туура уюштурулушунан көз каранды. Ошол себептүү берилген макаладагы изилдөөнүн

***предмети*** катары - орто кесиптик окуу жайларындагы студенттердин өз алдынча иштеринин уюштурулушу тандалып алынган.

Көпчүлүк учурда, билим студенттерге даяр формада берилбейт, бирок алар билимди өз алдынча таанып-билүү иш-аракеттеринин натыйжасында гана алышат. Ошондуктан, студенттердин өз алдынча иштөө ишмердүүлүгү - окутуу процессинин жөн гана бир формасы катары каралбастан анын негизин түзүүсү керек [1].

Белгилүү немец педагогу Адольф Дистерберг курчап турган дүйнөнү таанууда өз алдынча иштин маанилүүлүгү жөнүндө мындай деп жазган: «Өнүгүү жана билим даяр түрдө эч кимге берилбейт. Ага жетүүнү каалагандар өзүлөрүнүн жеке ишмердүүлүгү жана жеке күчү аркылуу жетишиши керек. Ошондуктан, өз алдынчалуулук – бул билимдин натыйжасы жана каражаты болуп эсептелет» [2].

Билим берүү стандартында ар бир адис – фундаменталдык билимдерге, өзүнүн адистигиндеги билгичтиктерге жана ишмердүүлүк билгичтиктерине, жаңы кырдаалдарды чечүүгө зарыл болгон чыгармачылык жана изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүнө ээ болушу керек.

Ошол себептүү окутуунун белгиленген формаларынын жана усулдарынын ичинен өз алдынча иштөө иши барган сайын маанилүү болуп бара жатат. Анткени, өз эмгеги аркылуу алынган билим, бүтүрүүчүгө кесиптик көйгөйлөрдү чыгармачылык менен чечип, өз позициясын бекем сактоого жөндөмдүү адистин чыгуусуна түрткү береерин педагогикалык практика тастыктоодо. Демек, өз алдынча билим алууга умтулуу - убакыттын талабы жана каалагандай адистик ишмердүүлүктө пайдаланылуучу универсалдуу компетенция.

Студенттердин өз алдынча иши - предметти гана өздөштүрүүгө арналбастан, таанып - билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн активдешүүсүнө, жоопкерчиликти өзүнө ала алуу, өз алдынча көйгөйдү чече алуу, конструктивдүү чечимди кабыл алуу, кризистик кырдаалдан чыгып кете алуу ж.б. жөндөмдүүлүктөрүнө ээ кыла ала тургандыгын көрсөтүү, изилдөөнүн ***максаты*** экендигин ырастайт.

Бирок, илимий таанып-билүү өз алдынчалуулугун калыптандыруунун педагогикалык шарттары, инсандык ишмердүүлүктүн толук мүмкүнчүлүктөрүн ачып бере албайт. Анын бардык мүмкүнчүлүктөрүн жана резервдерин пайдалануу үчүн, өсүп жаткан муундун акыл-эсине өз алдынчалыктын бүтүн комплексин кийирүү керек.

Заманбап изилдөөчү Т.И. Кулагина когнитивдик өз алдынчалыкты калыптандыруунун дидактикалык үч шартын бөлүп көрсөтөт. *Биринчи топко* когнитивдик өз алдынчалыктын оң мотивациялык негизин калыптандыруучу дидактикалык шарттар кирет: позитивдүү муктаждыкты жана туруктуу когнитивдик кызыгууну калыптандыруу.

Шарттардын *экинчи тобу* окуу – таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкаруунун негизинде билимдердин жана көндүмдөрдүн системасын ийгиликтүү калыптандырууну камтыйт: билим берүүдө түрдүү когнитивдик маалыматтарды пайдалануу менен когнитивдик мамилени жана когнитивдик ыктарды калыптандыруу.

Дидактикалык шарттардын *үчүнчү тобу,* студенттердин когнитивдик потенциалын натыйжалуу уюштуруу менен байланышкан: группалык иштин шартында жекече мамилени ишке ашыруу жана окуу-таануу процессинин жүрүшүн контролдоо ж.б. [3].

Бул шарттар ар бир студентте иштин жүрүшүн өз алдынча пландоо жана анын натыйжаларын болжолдоо жөндөмүн өздөштүрүүгө багытталган. Демек орто окуу жайынын мугалими, окуу процессинде ийгиликтүү окуу ишмердүүлүгүнүн негизи катары фундаменталдык өз алдынча иштерди уюштуруусу керек. Мугалим студенттердин ишинин мазмунун так калыптандырып, пландап, уюштурууга, башкарууга жана контролдоого тийиш.

Заманбап адабияттарда өз алдынча иштин эки деңгээлин айырмалашат – мугалимдин жетектөөсүндөгү жана студенттердин өз алдынча иштери.

Студентке терең жана бекем билим берүүдө окутуучу өз алдынча иштөөнүн ар түрдүү формаларын уюштуруп, мүмкүн болушунча окуучулардын өз алдынча изденүүчүлүгүн, предметке кызыгууларын күчөтүүгө түрткү берүүсү керек.

Орто кесиптик окуу жайларындагы окутуу процессинде өз алдынча иштин эки түрүн колдонуп келебиз:

1. ***Аудиториялык өз алдынча жумуш*** **–** окутуучунун көзөмөлүнүн астында жүргүзүлгөн аудиториядагы студенттердин окуу жана окуу-изилдөөчүлүк иши. Окутуучу бул өз алдынча иштерди предметтин аудитордук сааттарынын чегиндеги сабактарында пландаштырат.

Студенттин аудиториялык өз алдынча иштеринин түрлөрүнө: күнүмдүк консультациялар, үй тапшырмасын кабыл алуу жана текшерүү, лабораториялык жана практикалык иштерин кабыл алуу жана текшерүү, рефераттарды же докладдарды коргоо кирет.

Физиканы окутуу процессинде студенттердин өз алдынча иштөөсү менен илимий таанып-билүү ишмердүүлүгүн жогорулатуу максатында, аудиториялык лабораториялык сабактарды уюштурабыз. Лабораториялык сабак, билим берүү иш-аракеттеринин башка түрлөрү сыяктуу эле, окутуунун жигердүү ыкмаларын колдонуунун жана жекече мамиле жасоонун негизинде өз алдынча ишти уюштуруунун көптөгөн

мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. «Физика» дисциплинасында лабораториялык иштерди аткаруудан мурун, иштөө үчүн зарыл болгон теориялык материал боюнча сурамжылоо жүргүзүлөт, андан кийин студенттин үйдө даярдаган лабораториялык иш пландары (баалоо менен) текшерилет. Сабактын аягында лабораториядагы студенттин өз алдынча иши текшерилет жана бааланат.

Физикалык лабораториялык жумуштар – студенттерди өз алдынча жүрүп жаткан процесстерди талдоого, байкоого жана анализдөөгө үйрөтүп, алардын логикалык ойлоосунун өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Студентте өз алдынча же окутуучунун көзөмөлү астында эксперимент жүргүзүү учурунда кабыл алуунун натыйжасында сезимдик чагылдыруулары жаралат. Анын жыйынтыгында жүргүзүлүп жаткан физикалык эксперименттин жыйынтыгы эсте калат. Бул жөндөм **алган билимин иш жүзүндө пайдалана билүүгө түрткү берет.** Демек, студенттер өз алдынча же мугалимдин жетекчилиги астында экспериментти аткаруу менен туура жыйынтык чыгарууга үйрөнсө, алардын таанып- билүү ишмердүүлүгү өсөт [4].

2. ***Сабактан тышкаркы өз алдынча жумуш*** - бул окутуучунун тапшырмасынын негизинде же анын методикалык жетекчилигинин астында, бирок анын катышуусусуз студенттин аудиториядан сырткары жүргүзгөн ишмердүүлүгү. Бул иштердин көлөмү тиешелүү окуу программасынын окуу планында берилет.

Студенттин аудиториядан сырткаркы өз алдынча иштеринин түрлөрүнө: изилденүүчү тема боюнча адабияттарды табуу жана аларды изилдөө, реферат-докладдарды жазуу, лабораториялык иштерге жана семинарларга даярдануу, текшерүү иш, тест, үй тапшырмаларына даярдануу, зачет-экзаменге даярдануу процесстери кирет.

Ал эми өз алдынча иштин натыйжалуулугун камсыз кылуунун негизги шарты болуп, аны уюштуруунун жана өткөрүүнүн этаптарын сактоо саналат.

*Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун төмөнкү этаптарын бөлүп көрсөтүүгө болот:*

***Биринчи этап – даярдык этабы*** - ал өз алдынча иштөө үчүн темаларды жана тапшырмаларды камтыган жумушчу программаны даярдоо; окуу-усулдук материалдарды даярдоо; студенттердин даярдык деңгээлин аныктоо.

***Экинчи этап – уюштуруучулук этабы***- студенттердин жекече жана топтук иштеринин максаттары аныкталат; индивидуалдуу жана топтук консультациялар өткөрүлөт; анын жүрүшүндө өз алдынча иштөөнүн жана аны текшерүүнүн формалары түшүндүрүлөт; жыйынтыктарды берүүнүн мөөнөттөрү жана формалары белгиленет.

***Үчүнчү этап – мотивациялык активдүүлүк этабы.*** Студенттердин өз алдынча иштөөгө умтулушу аларга берилген туруктуу мотивация менен гана ишке ашат. Ал үчүн бул этапта мугалим жекече жана топтук өз алдынча ишмердүүлүктөргө түрткү берүүнү камсыздашы керек. Студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн активдешүүсүн төмөндөгү мотивация берүүчү факторлор камсыздайт; аткарылып жаткан иштин пайдалуулугу, алынган жыйынтыктардын курстук, дипломдук иштерди жазууда колдонулушу, илимий изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүү, предмет боюнча олимпиада, конференцияларга катышуу. Студенттердин өз алдынча ишинин активдешүүсүнүн дагы бир негиги фактору болуп - билимдин бааланышына мотивациялоо (рейтинг, тест, экзамен, алган жыйынтыктары боюнча экзаменден бошотуу). Бул, белгилүү бир шарттарда өзүн- өзү өркүндөтүүчү күчтүү атаандаштык факторун жаратуусу мүмкүн.

***Төртүнчү этап - текшерүү жана баалоо этабы.*** Ал жекече жана топтук отчетторду жана аларды баалоону камтыйт. Жыйынтыктар - доклад, реферат, отчет, диаграмма, таблица, оозеки байланыш, ж. б. түрүндө берилиши мүмкүн (*дисциплинага жана адистикке жараша).* Өз алдынча ишти текшерүүнү – тестирлөөнүн, жазуу жүзүндөгү текшерүү иштеринин, отчеттордун жардамы менен жүргүзсө болот.

Демек, студенттердин өз алдынча ишин – чыгармачылык жигердүүлүгүн өнүктүрүүнүн жана өркүндөтүүнүн натыйжалуу каражаттарынын бири жана окутуунун сапатын жогорулатуунун негизги резерви катары кароого болот.

Мына ушинтип, студенттердин өз алдынча иштеринин оптималдуу уюштурулушу төмөнкү максаттарды көздөөрү келип чыгат:

- алган теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн системалаштыруу жана бекемдөөгө;
- теориялык билимдерди терендетүүгө жана кеңейтүүгө;
- студенттердин таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүн жана активдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө;
- өз алдынча ой жүгүртүүнүн калыптанышына, өз алдынча өсүүгө багыт алууга;
- изилдөөчүлүк ыктардын өнүгүүсүнө;
- кесиптик көндүмдөрдүн калыптанып чыгуусуна.

Ушуга байланыштуу окуу процессинде өз алдынча иштөөгө жана аны уюштурууга инновациялык мамилелерди киргизүү, бүтүндөй билим берүү тутуму үчүн сапаттуу кадам болуп саналат, анткени бул процесс студенттердин билим алуудан, өз алдынча билим алуу жөндөмүнө өтүүсүнө жардам берет деп айтууга болот.

Жыйынтыктап айтканда, студенттин өз алдынча

иши - окуу процессинин эң маанилүү компоненттеринин бири болуу менен анын жүрүшүндө көндүмдөрдү, жөндөмдөрдү жана билимдерди калыптандырып студентте илимий таанып-билүү процесси жогорку деңгээлде өздөштүрүлөт жана чыгармачылык ишине кызыгуусун арттырып, илимий маселелерди чечүүсүн камсыздайт.

**Адабияттар:**


1. Русинова Л.П. Познавательная деятельность студентов через активизацию самостоятельной учебной работы. Молодой ученый. - 2009. - № 11 (11). - С. 306-308.
2. Гарунов М.Г., Пидкасистый П.И. Самостоятельная работа студентов. Москва: Знание, 1978. - 126 с.
3. Гальперин П.Я. Психология мышления и учение о поэтапном формировании умственных действий. – Москва, 1966.
4. Бабаев Д.Б., Кылычова Н.Э. Физикалык эксперименттин жардамы менен студенттердин таанып - билүү ишмердүүлүгүн калыптандыруу. / Наука, новые технологии иинновации Кыргызстана. - 2020. - №3. - С.158-163.
5. Усөналиева Г.С. Некоторые вопросы постановки целей урока. / Известия вузов Кыргызстана 2014. № 4-1. С. 85-87.
6. Эсаулов А.Ф. Активизация учебно-познавательной деятельности студентов. Москва, 1982. - 178 с.